● Улуттук банк түшүндүрөт

## Салтанат ИБРАГИМОВА:

# «Пос-терминалдар – эң жөнөкөй жана эң ыңгайлуу төлөө аспабы»



**Маектешкен Мырзакат ТЫНАЛИЕВ, “Кыргыз Туусу”**

*“Улуттук валютанын курсун турукташтыруу жана Кыргыз Республикасынын экономикасын долларлашуудан арылтуу боюнча чаралар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2015-жылдын 10-декабрындагы № 90-VI токтомун аткарууда сом менен эсептешүүгө өтүү жана анын бир этабы катары улуттук валютада келишимдер үчүн накталай эмес эсептешүүлөрдү камсыздоо боюнча иш чаралар каралган. Ал эми “Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жөнүндө” мыйзамга ылайык, ар бир сатып алуучу төлөмдү нак же накталай эмес түрдө жүргүзүүгө укуктуу. Ушуга байланыштуу Өкмөттүн 2015-жылдын 23-декабрында “Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо чаралары жөнүндө” №869 токтому кабыл алынган. Анда жеке ишкерлер жана юридикалык жактар аларды жүзөгө ашырууда ишмердүүлүк жүргүзгөн жерлерде банктык төлөм карталарын кабыл алуу үчүн арналган жабдууларды (түзүлүштөрдү) орнотууну жана колдонууну камсыз кылууга милдеттүү болгон ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн тизмеси, ошондой эле аткаруу мөөнөттөрү да каралган. Мындан сырткары, 2-апрелде товарлардын жана кызматтардын баасы бир гана улуттук валюта – сом менен көрсөтүлүүсү жөнүндө Өкмөттүн токтому күчүнө кирди. Ага ылайык, бардык ички бүтүмдөрдүн наркы улуттук валюта – сом менен гана көрсөтүлүүгө тийиш. Мына ушул накталай эмес төлөмдөрдү жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу окурмандарга түшүндүрүп берүү максатында КРнын Улуттук банкынын Төлөм системасы башкармалыгынын төлөм системасынын ишин анализдөө жана өнүктүрүү бөлүмүнүн башкы адиси* **Салтанат ИБРАГИМОВА** *менен маектештик.*

***– Салтанат Зулпукаровна, маегибизди азыркы учурда салтка айланып бара жаткан банктык төлөм карталарын колдонуудан баштасак. Пос-терминал деген эмне?***

– Азыркы учурда айрым дүкөндөр, ресторандар, сулуулук салондору, мейманканалар, май куюучу жайлар ж.б. накталай эмес төлөм жүргүзүүнү кабыл алуучу атайын терминалдар менен жабдылган. Башкача айтканда, аларда товар жана кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөдө пластикалык карталар колдонулат. Ушул жабдуулар пос-терминалдар деп аталат. Мисалы, алардын жардамы менен дүкөндүн кассири картанын ээсинин банктагы эсебинен тийиштүү сумманы дүкөндүн эсебине которо алат.

Ушундай төлөм жүргүзүүгө мүмкүн болгон жерлердин баарында тең мекеменин чыга беришинде, көбүнчө кассага жакын жерде бардык төлөм системаларынын логотиби илинип турат. Демек, ал соода түйүнүнүн пос-терминалында көрсөтүлгөн бардык төлөм системаларынын карталары кабыл алынат.

Ошондой эле пос-терминалдар банктардын сактык кассаларында жана филиалдарында орнотулган жана алардын жардамы менен кардар өз картасынан тийиштүү каражатты чыгарып алууга, картанын балансын толуктоого же коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм жүргүзүүгө шарт түзүлгөн.

***– Пос-терминалдарды кайсыл уюмдар же кимдер орнотот?***

– Пос-терминалдарды коммерциялык банктар гана соода-сервистик түйүндөрдө жана өз филиалдарында орнотушат, алар банктардын менчиги болуп саналат. А коммерциялык банктар Улуттук банк берүүчү лицензиясынын негизинде аракеттенишет жана банктык операцияларды жүргүзүшөт.

Ал эми соода түйүнү пос-терминалды орнотуу, аны колдонуу боюнча окутуу, нускамаларды жана чыгымдалуучу материалдарды берүү боюнча эч кандай чыгым тартпай тургандыгын белгилеп кетейин. Бардык чыгымдарды коммерциялык банк өз мойнуна алат. Соода түйүнү коммерциялык банк менен пос-терминалды орнотуу боюнча келишим түзүп жатканда орно-тулган пос-терминал аркылуу жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн нөлдөн 3%га чейинки суммада же башка келишимдик шарттарда комиссиялык сый-акы төлөйт. Мисалы, банктан соода-сатык, сервистик мекемелери үчүн эсеп ачууда эсептик-кассалык тейлөө боюнча жеңилдетилген тарифтер, ошондой эле эки жакка тең пайдалуу шарттар сунушталат. Мында, бул соода түйүнүнүн накталай акча каражатынын инкассациясына, сактоого жана эсебин алууга чыгымдарын кыскартат.

***– Төлөм жүргүзүүнүн бул түрүн жайылтуу, накталай эмес соода кылууга жалпылап киришүү үчүн кандай механизмдер керектелет?***

– Улуттук банк тарабынан 2014-2015-жылдар аралыгында Экономика министрлиги менен биргеликте тийиштүү иштер жүргүзүлдү. Анын натыйжасында пос-терминалдар аркылуу төлөм жүргүзүүгө шарт түзүүчү бир катар нормативдик-укуктук актылар кабыл алынган. Атап өтсөк: 19-февралда “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине кошумча киргизүү тууралуу” мыйзам кабыл алынып, анын негизинде банктык жабдууларды киргизүүдө салык төлөмдөрү алынбайт. Бул мыйзамды ишке ашыруу үчүн Улуттук банк тарабынан “Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги, Улуттук банк жана “Кыргызстандын банктар союзу” ЮЖБ (юридикалык жактардын бирикмеси) ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум”, ошондой эле коммерциялык банктар менен 2015-2017-жылдар аралыгында республиканын бардык аймактарына жалпысынан 499 банкомат, 3 225 терминал, 445 төлөм терминалын жана 70 банк киоскаларын киргизүү пландаштырылган макулдашуу да иштелип чыгып, кол коюлган. Алар көбүнчөсү региондорго жайгаштырылмакчы. 2015-жылы жана 2016-жылдын 1-чейреги аралыгында пландалган 204 банкоматтын ордуна 256 банкомат (52 даанага көп), пландаган 1 322 пос-терминалдын ордуна 1 540 пос-терминал (218 даанага көп), 74 төлөм терминалынын ордуна 84 төлөм терминалы (10 даанага көп), 27 банктык киосканын ордуна 29 банктык киоска (2 даанага көп) алынып келинген. Бул жабдууларды орнотуу жана пайдалануу калктын финансылык маданиятын жогорулатууга, чекене төлөм рыногун өнүктүрүүгө, накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн жогорулатууга өбөлгө түзмөкчү.

2016-жылдын 1-январынан баштап, накталай эмес төлөм жүргүзүүгө түрткү берүү максатында КНС боюнча каттоонун босогосу 2 эсеге – 4 млн. сомдон 8 млн. сомго көбөйтүлүп, товар, иш, кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоо жана аларды Кыргызстандын аймагынан сырткары сатып өткөрүү боюнча сатуудан салык алып салынды.




Мында 2016-жылдын 1-июлунан КНС салынуучу жана/же андан бошотулган товарларды, иштерди, кызматтарды сатып өткөрүүгө накталай эмес формада төлөнгөн сатууларга салыктын нөлдүк ставкасы белгиленген, ошол эле учурда накталай формада төлөөдө соода ишмердиги үчүн – 1% жана башка ишмердик үчүн – 2% өлчөмдө ставка белгиленген.

КНС салынбаган товарларды, иштерди, кызматтарды сатып өткөрүүгө накталай формада төлөөдө соода ишмердиги үчүн – 2% жана башка ишмердик үчүн – 3% өлчөмдө сатууларга салыктык ставка белгиленген.

Мындан сырткары 2016-жылдын 1-июлунан КНС салынуучу жана/же андан бошотулган товарларды, иштерди, кызматтарды накталай эмес формада төлөнгөн сатып өткөрүүдө салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча бирдиктүү салыктын ставкасы 2 эсеге төмөндөтүлдү. Башкача айтканда, буга чейин ал 4% жана 6% болсо, 1-июлдан тартып 2% жана 3% болуп калды.

***– Сиз пос-терминалдарды Кыргызстанда киргизүү идеясын кандай баалайсыз?***

– Азыркы учурда банктык төлөм карталары боюнча операциялардын негизги үлүшү (операциялардын жалпы көлөмүнүн 90%ынан көбү) акча каражатын накталай акчага которуу менен байланышкан, ошол эле мезгилде өзгөчө аймактарда жайгашкан соода-сервистик түйүндөрдө азырынча пос-терминалдар жок.

Ошондуктан, өлкөбүздө товар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн накталай эмес формада, анын ичинде пос-терминалдар аркылуу банктык төлөм карталары менен төлөөнү жайылтуу кардарлардын укугун коргоого жана аларга накталай эмес түрдө соода кылууга жана кызматка акы төлөөгө, өлкөнүн бюджетинде салык каражаттарынын көбөйүшүнө, ошондой эле акча каражаттарынын жүгүртүлүшүнө контролду күчөтүүгө жана накталай акча каражаттарын көмүскө жүгүртүүнүн азаюусуна мүмкүндүк берет.

Соода-сервистик ишканалардын өздөрү үчүн накталай акча каражаттары менен иштөөгө (акчаны сактоого, кабыл алууга, ташууга жана коопсуздукту камсыз кылууга) чыгымдарды кыскартууга, ошондой эле так эсепке алууну жана отчеттуулукту жүргүзүүгө, финансылык контролду жана пландоону өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

***– Пос-терминал аркылуу банктык төлөм карталары менен эсептешүүнүн ыңгайлуулуктары жана артыкчылыктары эмнеде?***

– Капчыкты кампайтып салып жүргөнгө караганда төлөм картаны алып жүргөн ыңгайлуу экени талашсыз, туурабы? Анткени, сиз дүкөнгө келип соода-сатык кылаарда канча акча керектигин алдын-ала билбейсиз жана накталай тийиштүү каражаттын жаныңызда болбой калышы мүмкүн деп кыжаалат болбойсуз.

POS-терминал аркылуу эсептешүүнүн башкы артыкчылыгы – бул эсептешүүлөрдүн ыңгайлуулугу жана тездиги. Ал эми кемчилиги катары жаңы гана орнотулган пос-терминалды өздөштүрө албай кыжаалат болуп жаткан тажрыйбасы жок айрым операторлорду атасак болот. Анткени операторго кардарды тейлөөдө көбүрөөк убакыт талап кылынат. Комиссияны банкка соода түйүнү төлөйт. Кардардын пластикалык карта менен соодалашуусунда комиссия алынбайт, бардык эсептешүүлөр акысыз болот. Тескерисинче, кээ бир соода түйүндөр пластикалык карта менен эсептешүүдө кошумча жеңилдиктерди сунушташат.

***– Банк картасы менен колдонууну билбеген кардарлар үчүн төлөм жүргүзүүнүн жол-жобосу тууралуу кыскача айтып берсеңиз.***

– Банк карталарынын жардамы менен соода кылуу же кызмат көрсөтүүнүн жол-жобосу жөнөкөй жана түшүнүктүү.

Заманбап технологиялар банк карталары менен эсептешүүнү бир мүнөттүн ичинде ишке ашырууга шарт түзөт. Эгерде башынан баштап жол жобосуна токтолсок, анда:

– Кардар нак эмес формада банктык төлөм карта менен соода кылууну каалайт.

– Кассир картаны пос-терминалдын атайын жүгүртмөсүнөн өткөрөт, ал эми терминал тийиштүү сумма боюнча уруксат берүүгө жооп кылып жана төлөм системасына маалымат берет.

– Андан кийин кассир кардарды ПИН-кодду киргизүүнү өтүнөт, андан соң слип деп аталган атайын чек чыгарылат, ага кардар өзүнүн кол тамгасын коюшу керек.

– Кардар ошол жерден чектеги сумманын тууралыгын текшерсе, кассир коюлган колдун пластикалык картанын арткы бетиндеги кол тамга менен окшоштугун салыштырат (алар окшош болууга тийиш).

– Жыйынтыгында кассир кардарга банктык картаны, ошондой эле өзүнүн колу коюлган чекти да кайтарып берет (ПИН-код киргизилген учурда кассирдин кол тамгасы да талап кылынбайт).

Сөз аягында маалымат үчүн айта кетсем, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-декабрындагы «Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо боюнча чаралар тууралуу» №869 токтому жөнүндө, коммерциялык банктардын пос-терминалдарын жайгаштыруу боюнча шарттары, ошондой эле соода-сервистик мекемелер тарабынан пос-терминалды жайгаштыруу процедуралары жөнүндө зарыл маалымат менен төмөнкү сайттардан таанышууга болот.

- Бишкек шаарынын мэриясы – **www.meria.kg**
- «Кыргызстандын банктар союзу» ЮЖБ **www.ub.kg. – 69-00-58**
- «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКы – **www.ipc.kg**